**Биринчи май районунун №15 ЖОББ мектебинин мамлекеттик тил усулдук бирикмесинин 2020-2021 окуу жылына карата иштелген ишинин анализи.**

Анализдин максаты:

2020-2021 –окуу жылдын ичинде өтүлгөн ар бир ишти анализдеп салыштыруу менен өткөн окуу жылында иштелген иштин жыйынтыгын чыгаруу менен кийинки окуу жылында каралуучу маселелерди аныктоо.

Сентябрь. Август айынын жыйынтыгын чыгаруу менен келечек пландын негизи менен таанышуу жүргүзүлдү.

Кыргыз тили жана адабиятын окутууда 2020-2021-окуу жылында кийинки деңгээл менен анализдесе болот.

1. Кыргыз тилин жана адабиятын" окутууда окуучунун мүмкүнчүлүгүнө жана билиминин деңгээлине жараша жүргүзүү.

2.Кыргыз тили усулдук бирикмесинин ишин көзөмөлдөө.

3.Окууну жакшы өздөштүргөн окуучулар менен иш алып баруу.

4.Сабакта жетишпеген окуучулар менен иш жүргүзүү.

5.Мамлекеттик тил кабинеттеринде көрсөтмө куралдардын толукталышы жана жаңылоо.

6.Класстан тышкаркы иш-чараларга жана ачык тарбиялык саатарга активдүү катышуу.

2020-2021- окуу жылында мамлекеттик тил мугалимдеринин жалпы саны

11 мугалим. Алардын ичинен 1-мугалим Мамадиярова А.С. ББнин отличниги.6- мугалим жогорку.”2-мугалим 1чи категорияда,калганы категориялары жок мугалимдер.Мугалимдер толук саат менен камсыз болушкан.Мамлекеттик тил кабинеттери бөлүштүрүлүп берилген.Мектепте жалпысынан мамлекеттик тил кабинеттери 6 кабинет бөлүштүлүлгөн.

“Манас” кабинети мам.тил мугалими Мусуралиева Г.Б. берилди. Ал эми №25 кабинет Абдылдыева А.С. ,№23 кабинет Жумалиева М.А,№27 кабинет Акунова Ж.К., №19 кабинет Алымбаев А.Р., №37 кабинет Мамадиярова А.С, жана №1 кабинет Бейшебекова З.Б. га ал эми Манас кабинети Бутешова Б.Э. берилди. Мугалимдер кабинеттерин жасалгалоо жана көрсөтмө куралдар менен камсыздандырышты.

Мамлекеттик тил мугалимдеринин жаңы окуу жылына календардык-тематикалык окуу пландары бекитилип берилди. Ар бир мугалимге усулдук жардам жана мектеп тарабынан көрсөтмө,жардамдар берилди.

Ар бир мугалимге усулдук темалар бөлүштүрүлүп берилген соң,мугалимдер алган темалары боюнча докладдарды,долбоорлорду көрсөтүштү.

Билим сапаты боюнча ар бир чейректе отчеттор,мониторингдер мугалимдерден алынып,салыштыруу жүргүзүлдү.ШБББ жана

РБББ тарабынан келген тапшырмалар,билим сапатын текшерүү боюнча жана класстан тышкаркы иш чаралар өз убагында өткөрүлүп,жакшы жемиштерин берди.

Билим сапатын текшерүү үчүн алган жат жазуу иштеринде окуучулардын кетирген каталары көбүнчө катар келген созулма үндүүлөрдү жазууда жана ө,ү,ң, тамгаларын,тыныш белгилерин коюуда,жер-суу аттарын колдонууда каталарды одоно кетиришкен. Орус тилдүү мектеп болгонуна байланыштуу окуучулар өз эне-тилинде жазууда кыйынчык менен жазышат жана каталарды көп кетиришет.

Окуу техникасын текшерүүдө окуучулар өзүлөрү окуган тапшырманы түшүнүшпөйт жана кайра айтып бере алышпайт. Окуу ылдамдыктары да орто.Мамлекеттик тил мугалимдерине

Көрсөтмөлөр берилип жана сунуш-пикирлер айтылды.Жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу сунушталды.

Класстар боюнча окуу темпинин болжолдуу нормасын текшерүү боюнча 2-3-4-5-6 класстардын окуучулары камтылды. Бул окутуунун жыйынтыгы,негизинен башталгыч мектептин окуучулары 5-6 класстын кээ бир окуучуларына караганда окуу темптери жогору экендигин көргөздү.Демек,башталгыч мектепте окуучулардын окуу темпине көптөгөн көңүл буруулар болот,ал эми окуучулар улам жогорулаган сайын бул жетишендик болуп эсептелбей калат.

Ар бир класста жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу жүргүзүлдү.

Жат жазуу жана жумушчу дептерлери,сөздүктөр маалы менен текшерилип,анализденип,талкууланып турду.

Журналдарды толтурууда жана бааларды коюуда кетирилген кемчиликтер мугалимдер тарабынан оңдолуп,көзөмөлдөнүп турду.

Ар бир өтүлгөн иш-чара усулдук кеңешмеде каралып,кетирген кемчиликтер убагы менен коюлган мезгилден кечиктирилбей оңдолуп келди.

Жыл аягында 2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча 4-чейректе кыргыз тили сабагынан билим сапатынын көрсөткүчү жалпысынан 47.8 % болсо,жетишүүсү 100%түздү.Жылдык билим сапаты 55%,жетишүүсү 100% түздү.

Ал эми адабият сабагынан 4-чейрек боюнча билим сапаты 49.5%,жетишүүсү 100% берди.Жыл жыйынтыгы билим сапатын 68% көрсөтсө,жетишүүсү 100% көрсөттү.

Окутуу аралыктан болгондугуна байланыштуу көчүрүү жана бүтүрүү сынактары аралыктан өттү.

Жыл боюнча окуучулардын жетишүүсү жана сапатынын көрсөткүчү бир калыпта болгону менен көпчүлүк учурда бул көрсөткүчтөрдүн үстүртөн эле берилгендигин таныш кыйын,көпчүлүк учурда кур убадага ыраазы болуп бааларды негизсиз жогорулатып коюлганын айтпай кетүү мүмкүн эмес.

Бул көрсөткүчтү көргөндөн кийин,кийинки жылда өзгөчө көңүл балдардын чейректик жыйынтыгын көзөмөлдөө керек деген ой туулду.

Ал түгүл окуучулардын алынган административдик срездердин жыйынтыгы менен ,мугалимдердин алган жат жазуусунун

жыйынтыктарын салыштырууда көптөгөн тынчсыздануу келип чыкты.Себеби ал көрсөткүч асман менен жердей.

Мугалимдердин ачык-тарбиялык саатарына кирип,сабак өтүүдө кемчиликтерге сунуштар жана көргөзмөлөр берилип жатты.

Кээ бир мугалимдердин сабактарында мугалим өзү гана иштеп,ал эми окуучулар сабакка көңүл бурбай жаткандары ойлонтпой койгон жок.

Мамлекеттик тил сабагынын он күндүгү эң жакшы деңгээлде өттү десем жаңылышпайм,мугалимдер үчүн кулактандыруу күн мурун илинип,ал кулактандырууга өтүлүүчү сабактын темасы,өтүлүүчү класстын дареги көрсөтүлгөн.Ар бир мамлекеттик тил мугалимдери алган темалары боюнча ачык-тарбиялык жана класстан тышкаркы иш-чараларын жогорку деңгээлде өтүп беришти.

Класстан тышкаркы иш-чаралар боюнча айта турган болсок,”23-сентябрь –Мамлекеттик тил күнүнө” арналган иш-чара 7-класстардын катышуусу менен мектепте салтанаттуу линейка болду. Класс жетекчиси Бейшебекова З.Б. . мам. тил мугалими.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүгө арналган жыл сайын өтүүчү “Ырдайлы кыргыз ырларын” аттуу таймаш 5-класстар арасында өткөрүлдү.Окуучулар белектер жана грамоталар менен сыйланышты.

Ал эми ноябрь айында 5-11 класска чейин мектеп ичинде олимпиада болуп өттү. Жана төмөндөгүдөй жыйынтык көрсөттү.

**Ноябрь айында  аткарылган иштердин отчету.2020-2021- окуу жылы**

Ноябрь айында 1-4 класстардын журналдары текшерилип жыйынтыгы чыгарылды.(маалымдама тиркелет.9-папка)Кетилилген каталар баалар коюлган эмес. Кетирилген каталар боюнча көрсөтмөлөр берилип сунуштар айтылды.

6-класстардын билим сапаты текшерилди.(4-папка)Окуучулардын билим сапаты тестирлөө аркылуу бааланды.

Жалпы окуучулардын саны 130 окуучу.Жазганы 121 окуучу. Жетишүүсү 69%түздү.Билим сапаты 49 % түздү.

5-7 класстардын жат жазуу дептерлери текшерүүдөн өттү.(маал. Тиркелет9-папка)Жалпысынан окуучулардын дептерлеринин абалы ортодон жогору деп бааланды. Себеби дептерлердин толтурулушу начар. Кээ бир окуучулар орус тилинде толтурушкан. Кетирилген каталарга көрсөтмөлөр берилди.

2-класстардын окуу техникасы көзөмөлгө алынып жыйынтыгы чыгарылды.(9-папка)Окуучулардын окуу ылдамдыктары орто деп бааланды.Окуучулар ө,ү,ң тамгаларын окуй алышпайт. 2-класстын мугалимдерине көрсөтмөлөр берилди.

Мектеп ичинде олимпиада өткөрүлүп жеңүүчүлөр аныкталды жана райондук олимпиадага жолдомо алышты.(8-11кл)(9-папка)

Мамлекеттик тил мугалимдеринин усулдук темалары боюнча талкуу жүргүзүлдү.Ар бир мамлекеттик тил мугалими өздүк темалары боюнча докладдарын окуду жана талкуу жүрдү.

Мамлекттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүгө арналган ырдайлы кыргыз ырларын атуу иш –чара 5-класстардын окуучуларынын арасында болуп өттү.(11-папка)

5-класстын окуучулары ата-бабадан келе жаткан каада-салтты көрсөтүү менен улуттук ыр-бийлерди,акыйнек,макал-ылакап,жаңылмачтарды,табышмактарды жана улуттук оюндарды,улуттун тамак-ашын көрсөтүп бере алышты .Келечек муундарды патриоттуулукка тарбиялоодо жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөтө алышты.

Мектеп ичинде олимпиада болуп өттү. Ар бир класстын деңгээлине жараша тапшырмаларды мугалимдер иштеп чыгышты.8-9-10-11-класстар арасында өткөн олимпиададан 11-класстын 1 окуучусу жана 10-класстан 2-окуучу райондук олимпиадага жолдомо алды. 10-класстын окуучусу Нурланбек к Альбина ал эми 11-класстан Сапарова Ф.

Жалпысынан ноябрь айында аткарылган иш-чаралар максатына жетти деп табылды.

“4- декабрь”Манас күнү” деп жарыяланганына байланыштуу мектепте “Манас” жумалыгы болуп өттү.Мектептин окуучулары өз өнөрлөрүн жогорку деңгээлде көрсөтө алышты.3-4-5-6-класстын окуучулары катышышты. Кичинекей жана өсүп келе жаткан манасчыларды көрүп ичиң жылыйт.

Адабият күнүн белгилөө :

Залкар акыныбыз Алыкул Осмоновду эскерүү кечеси болуп өттү

Кыргыз элинин сыймыгы Ч.Айтматовго арналган класстан тышкаркы иш чаралар видео сабактар жана видео роликтер аркылуу жогорку деңгээлде өттү десем жаңылышпайм.Окуучулар акыныбыздын жана жазуучубуздун өмүр баяны жана чыгармаларын жакшы билишет жана аткарып берип залда отурган көрүүчүлөрдү таң калтыра алышты.

## 2020-2021-окуу жылындагы мамлекеттик тил усулдук бирикмесинин он күндүгүнүн анализи

Мамлекеттик тил усулдук бирикмесинде 2.12-14.12.20 чейин декада өткөн. 10 мугалим ачык сабак беришти.Окутуу аралыктан болгондугуна байланыштуу мугалимдер вилео сабак даярдашкан.

## Бишкек шаарындагы №15 орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы мамлекеттик тил УБнин он күндүгүнүн иш планы (2.12.20-14.12.20)

| № | Сабактын темасы(Иш чаранын) | класстар | мөөнөтү | орду | жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргызстанга саякаттоо.Туризм | 11 –а кл | 14.12.20 | 37 | Мамадиярова А.С. |
| 2 | Ата -энем ким болуп иштейт | 6-акл | 4.12.20 | 27 | Токтобек к Перизат |
| 3 | Мектептин ашканасы | 4-а кл | 4.12.20 | 16 | Бутешова Б.Э |
| 4 | Үй жаныбарлары | 2- б кл | 12.12.20 | 23 | Жумалиева.М.А. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Жапайы жаныбарлар | 1-в | 12.12.20 | 16 | Бейшебекова З.Б. |
| 6 | Чынгыз -кыргыз сыймыгы | 9-кл | 12.12.20 | Жыйын зал | Алымбаев А.Р. |
| 7 | Кесип тандоо оңойбу | 5-в | 12.12.20 | 33 | Илебаева А.М |
| 8 | Тилим мени тирегим | 8-а,б,в,г кл | 12.12.20 | Жыйын залы | Абдылдаева А.С. |
| 9 | Кыш мезгили | 4-а кл | 11.12.20 | 25 | Акунова Ж.К. |
| 10 | Алыкул –позия падышасы | 9-кл | 12.12.20 | 25 | Жаманкулова Р.С |

Планга ылайык мам.тил мугалимдери жогорку деңгээлде сабак даярдашкан.Окутуу дистанттык түрдө болгондугуна байланыштуу салттуу сабактар өтүлгөн жок. Сабактар аралыктан өтүлдү.

1)Мамадиярова А.С. 11-класстарга "Кыргызстанга саякат" деген темада сабак даярдаган. Сабакта кыргыз элинин тарыхы жөнүндө учкай маалымат берилип жана салт санаасы жаратылышы маданияты менен тааныштырды.Кыргыз мамалекетинин кооздугун даңазалап аны көздүн карегиндей сактоого чакырды.Сабактын жүрүшүндө окуучулар активдүү катышышты.Мугалим окуучуларды патриоттуулукка чакырды.

2)Токтобек кызы Перизат 6-а класс менен Ата-энем ким болуп иштейт деген темада окуучуларга кесип боюнча кызыктуу сабак өттү.Алгач темага байланыштуу жаңы сөздөр менен тааныштырды.Сабакка киришүүдө дарыгердин жана куруучунун сүрөттөрү менен таныштырды.Берилген тапшырмалар боюнча окуу китебинде берилген көнүгүүлөр менен иштешти.Ар бир окуучу өздөрүнүн ата- энелеринин кайсы кесип менен иштээри жөнүндө сыймыктануу менен тааныштырып беришти.Сабак максатына жетти жана окуучулардын келечектеги кесибин тандоого багыт берди.

3)Бутешова Б.Э. 4-а класс менен"Мектептин ашкансы" деген темада сабак өткөздү.Сабак структурасы менен башталды

А)жаңы лексика менен таанышуу

Б)сабактын максаты менен тааныштырды

В)уюуштуруу

Г) жаңы материал менен иштөө

Жалпысынан сабак кызыктуу болуп окуучуларга тамактануунун этикасы менен тааныштырды.Окуучулар топторго бөлүнүп текст боюнча көнүгүүнү аткарышты жана өз ойлорун ортого салып күнүмдүк тамактануунун пайда зыяны жөнүндө малымат беришти.Оку китебиндеги 5-тапшырманын негизинде сүйлөшүүнүн үлгүсүн окуп,аны рольдошторуп аткарып беришти.

Жыйынтыктап карсак мугалим сабакты кызыктуу алып баруу менен бирге туура тамактануу ден соолукка пайдалуу экенин жеткире алды.Сабак өз максатына жетти.

4)Бейшебекова З.Б.1-в классы менен оюн сабагын өттү.Алгач окуучулардын жаш курагы эске алынып түрдүү жапайы жаныбарлардын сүрөттөрү менен тааныштырды.Кыскача мультфильим көрсөтүлүп андагы жапайы жаныбарлардын кыргызча аталышын айтып беришти.Окуучулар үй жана жапайы жаныбрлардын айырмачылыктары менен да таанышышты.Сабакта кызыктуу оюн балдар тарабынан ойнолду.Менин жакшы көргөн жумшак оюунчугум-мамалак ж.б.  деп санап беришти. Сабак өз максатына жетип муглим жапайы жаныбарларга кандай мамиле жасоо керек экендигин окуучуларга жеткизе алды.

5)Алымбаев А.Р. 9- класстарга окутуу аралыктан болгондугуна байланыштуу жыйын залына саналуу гана окуучулар менен "Чынгыз- кыргыз сыймыгы" деген аталышта иш чара өткөрдү.Жыйында Айтматовдун чыгармаларынадагы каармандардын элесин чгылдырган сахналаштырылган монологтор окулду. Жыйын жогорку деңгээлде өттү.

6) Жаманкулова Р.С. 9-класстардын арасында Алыкул- поэзия падышасы деген темада окуучуларга көркөм окуу видео чакыруу аркылуу өкөрдү.

Акындын ырларынан көркөм окуп жана обондуу ырларын аткарып беришти.Мугалим тарабынан "Алыкул жана мезгил"кино тасмасын толугу менен көрсөтүлүп төмөндөгүдөй тапшырма берилди.Кыскча"Мен билген Алыкул "деген темада дил баян жазуу.

7)Абдылдаева А.С. 8-класстардын катышуусунда республикалык иш пландын негизинде "Тилим менин тирегим"атуу конкруска видеорлик тартты.Берилген сценарийдин негизинде окуучулар Ата Бейит мемориалдык комплексинде тарыхый маалыматтарды камтыган видеоролик тартышып жана байгелүү орунга ээ болушту.

8)Жумалиева М.А.2-б классына"Үй жаныбарлары "деген темада кызыктуу сабак болду.Алгач сабакта жаңы сөздөр менен тааныштырып,сүрөт менен кызыктуу формада өтө алды.Үй жаныбарларды кандай шартта багабыз,жапайы жаныбарлар менен айырмачылыгын айтып берди.Окуучуларга чынжырча оюуну аркылуу жаңы сөздөрдү кайталашты.Сабак өз максатына жетти.

9)Акунова Ж.К. 4-а классы менен "Кыш мезгили" деген темада сабак өттү.Сабакта жаңы сөздөр менен таанышышты,кыштын кооздугун сезишет,логикалык суроо жоопторго жооп беришти.Оку китебиндеги текст менен иштешти. Кышты элестөө аркылуу сүрөт тартышты.Сабак абдан жакшы тартылган жана өз максатына жетти.

10)Илебаева А.М. 5-в классына "Кесип тандоо оңойбу"деген темада сабак тартылган. Сабактын структурасы камтылган.Жаңы сөздөр менен тааныштырган соң логикалык суроолор берилген.Кыскача кесиптердин сүрөттөрү берилген.Окуучулар келечектеги кесиби жөнүндө кайтарым байланышта өз ойлору менен бөлүшкөн.Сабак өз максатына жетти.

Иш-чарага 7- 8 -9-класстардын окуучулары катышышты.

"21-февраль –Эне тил " майрамын 6-класстын окуучулары "Эне тилим –эне сүтүм" аттуу таймаш менен толукташты.Таймашта окуучулар ар улуттун тили.маданияты.улуттук кийими жана тамак ашын көрсөтүшүп,көрүүчүлөрдү суктандырышты.

3-Март Мамлекеттик Туу күну жана Ак калпак күнүн белгилөө малекеттик тил мугалимим Алымбаев а.Р жана Жумалиева М.А. 7-класстын окуучулары менен жогорку деңгээлде өтүп беришти.

" Нооруз" майрамы арлыктан өтүлдү

Жалпысынан мамлекеттик тил УБ нин иши 2020-2021 -окуу жылында  иши канааттандыраарлык деп табылды.

Мектепте бүтүрүү сынактары аралыктан  өттү.

2019-2020 окуу жылынын отчеттук-анализи пландаштырылган иштерди аткаруу менен өтүлгөн иштерди көзөмөлдөп 2020-2021-окуу жылындагы иштелүүчү ишке төмөнкүдөй чечим чыгарат:

- Жыл башынан олимпиадалык материалдарды карап ирети менен иштеп,анализдеп,орундуу өткөрүү үчүн иштиктүү чараларды колдонуу.
- Жаңы инновациялык методдорду өздөштүрүүнү окутуу процессинде терең колдонуу менен,сабактарды пландоодо дагы кийинки баскычтарга умтулууну улантуу.
- Өзгөчө жетишкендикте окуган окуучуларды окуу процессинин талабында бийик деңгээлде окутууну улантуу.
- Мугалимдерди заманбап иштөөгө багыттоо.

- Мамлекеттик тилди окутууда окуучулардын мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттыруу
- Усулдук кабинеттерди жаңы материалдар менен толуктоо,замандын талабына ылайыктап улам кийинки келген жаңылыктар менен жабдууну улантуу.
- Окуудагы начар окуган окуучулар менен иш алып баруунун демилгелүү жолдорун издөөнү улантуу
- Класстан тышкаркы иш-чараларга активдүү катышуу.
- Мамлекеттик тилди окутууда окуучуларды жаңы методдор жана улуттук педагогиканы колдоонунун негизинде кызыгуусун арттыруу.

Жалпы кыргыз тили боюнча 1513 окуучу аяктап билим сапаты

47,8 % жетишүүсү 100% түздү.

Ал эми адабияты жалпы 852 окуучу аяктап билим сапаты 49,5%, жетишүүсү 100% түздү.